КУРАМАЕВА Т.А., ЧОЛАК С.,
Ж.Баласагын ат. КУУ, К.Карасаев ат. БГУ

БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН МААЛЫМАТТЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУДА МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫН РОЛУ

Коомду маалыматташтыруунун бирден бир приоритеттүү багыты болуп билим берүү системасын маалыматташтыруу процесси саналат. Билим берүүнүн маалыматташтырылышы активдүү түрдө өнүктүрүлүүчү процесс. Ошондуктан азыркы күндө маалыматтык технологияны билим берүү системасында колдонуу, алардын негизинде жалпы орто билим берүүчү мектептердеги окуучулардын, алардын ичинде айрыкча башталгыч класстын окуучуларынын маалыматтык компетенттүүлүгүн калыптандыруу жана өркүндөтүү азыркы учурда алдыңкы планда турган маанилүү маселе экендиги талашсыз.

Маалыматтык технология – бул заманбап компьютердик жана башка техникалык каражаттарды колдонуунун негизинде маалыматтарды чогултуу, сактоо, иштетүү, өзгөртүү, топтоо, жөнөтүү жана колдонуу үчүн керек болгон методдордун, түзүлүштөрдүн жана өндүрүштүк процесстердин биримдиги [4]. Ал эми, маалыматтык-коммуникациялык технология (МКТ) деп, маалыматты иштетүүнү фиксациялаган жана маалыматтык алмашууну (жиберүү, таратуу, ачуу) камсыз кылган технологиялардын чогуусун айтабыз. Азыркы учурда билим берүү системасында маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын (МКТ) ар түрдүү каражаттары колдонулат.

Заманбап билим берүү системасында универсалдык офистик колдонмо программалар жана МКТнын каражаттары: тексттик процессорлор, электрондук таблицалар, презентацияларды даярдоодо колдонулуучу программалар, берилиштер базасын башкаруу системасы, органайзерлер, графикалык пакеттер ж.у.с., кеңири таралып окуу процессинде жемиштүү пайдаланылып келе жатат.

Маалыматтык технологиялар сактоочу, рационализациялаштыруучу жана чыгармачыл түзүүчү болуп үч группага бөлүнөт [5]. Булар эмгекти, убакытты үнөмдөй турган материалдык ресурстар (принтер, сканер, ксерокс).

Азыркы учурда мектептерде эң көп таралган аппараттык каражаттар төмөнкүлөр: *проектор*, *принтер, телекоммуникациялык блок, тексттик маалыматтарды кийирүү жана экрандык объектер менен ар кандай иштерди жасоочу түзүлүштөр, визуалдык жана үн маалыматтарын жазуучу түзүлүштөр (сканер, фотоаппарат, видеокамера, аудио жана видео магнитофон), берилиштерди регистрациялоочу түзүлүш (интерфейстүү датчиктер), компьютерди башкаруучу түзүлүш, класстын жана жалпы мектептин ичиндеги тармактар*, *аудио-видео каражаттары.*

А.В.Дворецкая [2] башталгыч класстын окуучуларын окутууда кеңири колдонула турган маалыматтык технологияларды төмөндөгүдөй түрлөргө бөлөт: презентациялар, окутуучу оюндар жана өнүктүрүүчү программалар, дидактикалык материалдар, тренажер-программалар, виртуалдуу эксперимент системасы, электрондук окуу куралдары, электрондук энциклопедиялар.

Презентация – бул колдонуучунун аракетине жараша реакция жасоо мүмкүнчүлүгүнө ээ. Анын өзгөчө кызыктуулугу, минималдуу убакытты үнөмдөө менен ар бир мугалимдин өзүнүн түзө алуусу. *Окутуучу оюндар жана өнүктүрүүчү программалар* мектепке чейинки бала-бакчаларда тарбияланган балдарга жана башталгыч класстын окуучуларына багытталып даярдалат жана алардын кыймыл аракеттеринин көндүмдөрүн, мейкиндиктик элестетүүсүн, логикалык ой-жүгүртүүсүн өнүктүрөт. *Дидактикалык материалдар* – маселелердин жыйнагы, диктанттар, көнүгүүлөр, электрондук жөнөкөй терилген тексттик файл түрүндө сунушталган рефераттардын жана дил баяндардын мисалдары. *Тренажор* – программалар дидактикалык материалдардын функциясын

аткарат. *Виртуалдуу эксперимент системасы* – кенже класстын окуучуларынын аң-сезими, акылы азырынча жетишпеген финансылык коопсуздук боюнча мүмкүн болбогон эксперименттерди жасоого мүмкүнчүлүк түзүп бере турган программалардын комплекси. *Электрондук окуу куралдары жана окуу курстары* бирдей окутуучу программалык комплекске бириктирилип, күндөлүк өтүлүүчү сабактарда колдонулат. *Электрондук энциклопедияларда* демонстрациялай турган жана маалыматтагыч материалдарынын функциялары бириктирилген. Бул өзүнүн аналогу болгон кадимки кагаз энциклопедиясынан айырмаланып, кошумча мүмкүнчүлүктөргө ээ: ачкыч сөздөр жана түшүнүктөр менен издөөнүн ыңгайлуу системасын, гиперсылканын негизинде навигациянын ыңгайлуу системасын жана өзүнө аудио, видеофрагменттерди кошуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

Жогоруда саналып өткөн МКТнын каражаттары бизге, алардын башталгыч билим берүүнүн максатын ишке ашыруудагы ролун баалоого, аныктоого мүмкүндүк берет:

- маалыматтык технология окуу материалын окуп үйрөнүү методикасын жана мазмунун толуктайт.
- МКТ өз алдынча иштерди кыйынчылыктарга туш келип, начар окуган жана жакшы окуп ийгиликтерге жетишкен окуучулар менен дагы жүргүзө алат. Мисалы, жалпы класстагы окуучуларга ар бир тема боюнча түрдүү деңгээлдеги, татаалдыктагы тапшырмалар сунушталат.
- көрсөтмөлүүлүк деңгээли жогорулайт. Ал гана эмес, көрсөтмөлүүлүк бир кыйла жогорку деңгээлде болот, анткени ал анимациянын, үндүн коштоосунда, видеофрагменттер менен ишке ашырылат.

Ошондой эле, маалыматтык технологиялар окутуу процессинде, бир катар дидактикалык функцияларды дагы аткарат [3]: билим берүүчүлүк (башталгыч класстын окуучуларынын андан ары карай окуусун улантууга даярдыкты камсыз кылып, алардын билимин, билгичтигин жана көндүмдөрүн калыптандырат), өнүктүрүүчүлүк (окуу ишмердүүлүгүнүн маанилүү компоненттеринин бири болгон курчап турган дүйнөнү окуп үйрөнүү процессин калыптандырууга багытталат), тарбиялоочулук (курчап турган дүйнө менен өз ара туура мамилени калыптандыруу мүмкүнчүлүгүн аныктайт).

Маалыматтык-коммуникациялык технологияны колдонуп окутуу деңгээлдик дифференциялоо маселесин ийгиликтүү чече алат, себеби бул технологиянын шартында окуучу өзүнүн билиминин траекториясын тандоо укугуна ээ болот. Ошону менен бирге мугалимдин ишмердүүлүгү бир кыйла өзгөрөт. Ар бир окуучунун милдеттүү түрдө, сөзсүз ээ боло турган деңгээлине жетүүсүнө мугалим көзөмөл кыла алат.

Окутуу процессинде компьютердин төмөнкүдөй дидактикалык мүмкүнчүлүктөрүн эсепке алуу керек экендиги изилдөөдө маалым болгон:

- окуу материалын кабыл алууда, өзгөчө окуу материалын системалаштырууда окуучулардын өз алдынча чыгармачыл ишмердүүлүгүн кеңейтүү мүмкүнчүлүгү;
- окуучуларды өзүн-өзү текшерүүгө жана кетирген катачылыктарын өз алдынча оңдоого үйрөтүү;
- окуучулардын таанып – билүү жөндөмдүүлүгүн өстүрүү;
- предметти интегрлештирип окутуу;
- окуучулардын мотивациясын өстүрүү.

Билим берүүнүн натыйжаларынын жалпы педагогикалык схемасы маалыматтык ишмердүүлүктө төмөндөгүдөй удаалаштыкта колдонулат:

сабаттуулук – билимдүүлүк – компетенттүүлүк – маданияттуулук – менталитет [1].

Маалыматтык компетенттүүлүктү калыптандырууда маалыматтык технологиянын ролу чоң. Маалыматтык технологиялар билим берүүнү маалыматташтыруунун негизин түзөт жана маалыматтык компетенттүүлүктү камсыз кылуучу негизги каражат болуп эсептелет. Аларды окуу процессинде колдонууда төмөндөгүдөй жаңы мүмкүнчүлүктөр түзүлөт:

- жекелештирүү аркылуу окутуу процессинин сапаты артат;
- керектүү маалыматтарды алып, пайдалануу аркылуу окутуунун сапаты жакшыртылат;
- окутуунун жаңы технологияларын түзүп чыгууга мүмкүнчүлүк пайда болот;
- бирдей методологиянын алкагында ар кандай ишмердүүлүктү (окуу, изилдөө, методикалык, илимий) интегрлештирүү маселеси чечилет;
- окуп үйрөнүүчүлөрдү маалыматтык коомдо жашоого азыртадан даярдык көрүүгө карата мүмкүндүк түзүлөт;
- окуучулардын маалыматтык компетенттүүлүгүн калыптандырууга жана өнүктүрүүгө жол ачылат.

Жогорудагы келтирилген аныктамаларга, түшүнүктөргө анализ жүргүзүүнүн негизинде маалыматтык компетенттүүлүктү калыптандыруудагы маалыматтык технолгиялардын ролу зарыл болгон инструментария экендигин белгилеп кетүү зарыл деп ойлойбуз.

Адабияттар

1. Гершунский Б.С. Философия образования для XXI века. [Текст]/ Б.С.Гершунский. -М.: ИнтерДиалект+,1997.
2. Дворецкая А.В., Основные типы компьютерных средствобучения. [Текст]/ А.В. Дворецкая, 2006. – 159 с.
3. Ермаков Д.С. Информационная компетентность: получение знаний из информации [Текст]// Д.С.Ермаков.- Открытое образование.2011. №1.
4. Красильникова В.А. Информационные икоммуникационные технологии в образовании: учебное пособие [Текст]/ В.А. Красильникова.-М.: ООО “Дом педагогики”, 2006.
5. Семенов А.Л. Роль информационных технологий в общем среднем образовании. [Текст]/ А.Л.Семенов. - М.: Изд-во МИПКРО, 2000.-12 с.